# ГҮЛДӨЙ БЕР ЭГЕМЕНДҮҮ

# КЫРГЫЗСТАНЫМ!



Людмила Пиотровская

Людмила Пиотровская

# ГҮЛДӨЙ БЕР ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНЫМ!

*Каракол -2015*

Л.Пиотровская



# «ГҮЛДӨЙ БЕР ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНЫМ!»



# Майрамың менен Мекеним!

Кыргыз элим, кыргыз жерим,
Сүйүктүү менин Мекеним.
Эгемендүү жылында,
Майрамың менен дегеним.

Кымбаттуу менин Мекеним,
Кыргызстаным берметим.
Сенде туулуп чоңойгон,
Мен бактылуу экемин.

Майрамыңа кошулуп,
Сүйүнүп турам Мекеним.
Кучагыңда көп улут,
Баарына бирдей мээримиң.

Кыргызстаным Мекеним,
Сыймыктуу менин элдерим.
Конок күтүп кенен турган дасторконуң,
Ак көңүлдүү берешен мекендешим.

Улууларды сыйлап турган,
Жаштарыңдан кагылайын.
Өз кызындай урматташкан,
Элиме алкыш айтайын.



# Сүйүктүү Президентибиз А.Ш.Атамбаевге

Майрамың кут болсун,
Ден соолугуң бек болсун.
Эгемендүү Кыргызстан,
Колуңузда бекем турсун.

Көп улутту бирдей карап,
Ынтымакка жол бердиңиз.
Жалпы элди кадырлап,
Тынчтыкта сактап келдиңиз,

Кошуп берген пенсияга,
Ыраазычылык келтирем.
Келе жаткан тил майрамы,
Баталуу болсун деп тилейм.

# Сүйүктүү кыргыз тилим

Кыргыз элим, кыргыз жерим,
Менин сүйүктүү кыргыз тилим.
Өз тилимде орус болсом,
Кыргызстанда кыргыз дилим.

*Кайырма:*

***Кыргыз тилим, кыргыз тилим,***
***Сени кантип унутайын.***
***Сени кантип мен таштайын,***
***Сен мени тарбиялап окуттуң.***
***Сен мени адам кылып чоңойттуң.***
***Ыраазы болуп алкышымды айтайын.***

Менин каалоом-кыргыз сөзүң түгөнбөсүн,
Ар бир улут сени сүйүп үйрөнсүн.
Ынтымакка салым кошуп ар дайым,
Сен аркылуу Кыргызстаным гүлдөсүн.

*Кайырма*

# Кыргыз элим

Ынтымак кайда десең – кыргыз элимде,
Сый урмат кайда десең – кыргыз элимде.
Дасторконду кенен жайып конок күткөн,
Берешен колдор кайда десең –
кыргыз элимде.

Улууларга төрү ачык кайда десең –
кыргыз элимде,
Жол берген, орун берген автобуста
кайда десең – кыргыз элимде.
Боорукердик, жардам кайда десең –
кыргыз элимде,
Созулуп ыр-күүлөр кайда десең –
кыргыз элимде.

Сулуу-сулуу кыздары бар кыргыз элим,
Татынакай жигиттер бар кыргыз элим.
Композитор, мугалим, доцент, артист,
Окумуштуу адамдар бар кыргыз элим.

Баары тен менин мекендеш кыргызым,
Баары тең сүйүктүү кыргызым.
Мен орусмун бирок
кыргыз мекендешим,
Достук менен жашап жатам дегеним.

Ким окутту кыргыз элим,
Ким үйрөттү жашоо шартын,
кыргыз элим,
Өз кызындай жакшы көргөн апалар,
аталар – кыргыз элиме.
Кимге айтам рахматымды -
кыргыз элиме.
Кимге каалайм жакшылыкты –
кыргыз элиме.
Таазим кылам бүт Кыргызстан элиме.

# Караколум

Жашыл бактуу, таза абалуу Караколум,
Кучак ачып, элди күтүп, кенен төр.
Сулуулугуӊ алыс жакка угулуп,
Сүйүнүшүп келип турат көп достор,

Окуу жайыӊ ачык турат баарына,
Эс алышып отурушат паркыӊда.
Сүйүктүү Тыныстанов көчөсүндө
жашап жатып,
Кетким келбейт Караколум эч жакка.



# Ысык – Көлүм

Көп сырдуу менин Ыссык – Көлүм,
Сырдашкым келет сени менен
көп сөздөрүм.
Рахаттанып, жаныңа мен келгенде,
Толкунданып , сүйүнүп турат журөгүм.

Көп улутту жаныңа сен чакырып,
Ынтымакта баары менен сөз айтышып,
Дарылык кесиетти эч аябай,
Баары тең бирдей –
демиң менен күч алышып.

Сулуулугуң карап турсам баа жеткис,
Күндүн нуру тийип турат бетиңе.
Толкундарың келип турат эстен кеткис.
Ыраазы болом жылуу желди бергениңе.

# Көп улуттуу Ысык-Көл

Ысык-Көл облусунда,
Көп улуттар жашашат.
Ынтымактуу болушуп,
Кыргыз ырларын ырдашат.

Ар бир улут майрамдаса,
Улуттук ырын айтышат.
Көңүлдүү майрам өткөрүп,
Жүрөгүндө сакташат.

Тил майрамы келе жатат,
Кубаныч менен күтөбүз.
Ар бирибиз куттукташып,
Ыр күүлөр менен тособуз.



# Педогогикалык коллеждин жамаатына

***Саламатсыңарбы эжейлер, агайлар! Иштеп, окутуп тарбиялык кызматтарды аткарган, адамдардын жашоосунун пайдубалын, бактысын, кесиптерин түзгөн жана мени да ушул уядан учуруп, өмүрүмө кубаныч бергениңер үчүн таазим кылып, чоң алкышымды айтуу менен бирге ушул окуу жайдын жалпы жамаатын80 жылдык маарекеси менен куттуктайм деп 1974-жылы бүтүп кеткен бүтүрүүчүңөр Людмила Трофимовна Пиотровская***

Ден соолуктар бекем болсун ар дайым,
Иштериңер баталуу болсун күн сайын.
Өмүрүңөр узун болсун жашоодо,
Эмгегиңдин көрүп тургун жыргалын.

Мен силерди унутпаймын эч качан,
Эстен кетпейт студенттик кез баарынан.
Мени окуткан агайларды, эжейди,
Дайыма эстеп келгим келет кайрадан.

Мына эми мен да карып баратам.
Жаштарга каалоолорду бек айтам.
"Окуу, окуу жана окуу дегендей",
Жакшы окуп бактылуу бол деп айтам.

Сүйүү менен кесибиңди үйрөнгүн,
Мекениңе эмгек кылып гүлдөгүн.
Ден соолукта болуп ар дайым,
Ак ниетте туура жолду түзгүнүң.



# Кайыпбүбү Бектенова
# эжейге

***“Асыл адам” китебиңиз менен куттуктап, ыраазычылык келтиргем. Анткени жаштарга үлгү болуп, жашоодо кыйынчылыкты жеңе билүү, Мекенин сүйүү, иштерди жан дили менен алып барып иштөө, мааниси зор. Эжеке агайдын эмгегинен, жашоо шартын үйрөнөбүз. Мындан ары да чыгармаларыңыздагы ийгиликтерди күтөмүн.***

Майрамың менен эжеке,
Майрамдык нур толсун сизге эжеке
Ден соолугуңуз бекем болсун темирдей,
Теңир сизди сактап турсун эжеке.

Жакшылыктар болуп турсун ар дайым,
Кубанычтар толо берсин күн сайын.
Балдарыңдын көрүп туруп бактысын,
Майрамдарды тосуп тургун жыл сайын.

Эл арада сыймыктуусуз дайыма,
Китептерди окуп турсак дагы да.
Агайымдын эмгектерин үйрөнүп,
Таалим алат келечекте жаштар да.



# Педогогикалык коллеждин завучу Алиева Нурийпага



Куттуу болсун эгемендүү майрамың,
Бекем болсун достук жолу ар дайым.
Ден соолугуң күчтүү болуп темирдей,
Өмүрүңдүн көрүп жаша жыргалын.

Элге берген билимдериң көбөйсүн,
Сен окуткан кесиптериң гүлдөсүн.
Жакшынакай окуу жылдар көп болуп,
Кубанычка кубанычтуу кут толсун.

Үй бүлөңдүн көрүп тургун бактысын,
Эл арада сүйүктүүсү бол ар дайым.
Кызматыңда эмгектериң бааланып,
Кадырлуу бол, жакшылыкты каалайын.

***К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде кыргыз тил мугалими болуп иштеген Гүлшара 20 жылдан ашык талыкпай эмгектенүүдө. Ошондой эле элге кылган мээримдүү мамилесине ыраазычылык менен аны эгемендүү майрамы менен куттуктаймын!***

Саламды кабыл алсын деп,
Ыр сапты сага жибердим.
Ынтымак бекем болсун деп.
Эстеликке ой бердим.

Майрамың кут болсун,
Ден соолук болуп ар дайым.
Өүрүң узун болсун,
Кадырлуу болуп иштериң,
Жашооңдо тынчтык толсун.
Куттуу болсун кыргыз тил майрамың,
Атак-даңктуу болуп турсун жылдарың.

Өмүр бою иштеп жаткан кызматың.
Кыргыз тилдин көрө бергин жыргалын.
Ден соолугуң бекем болсун темирдей,
Баталуу бол, бата алып Теңирден.
Балдарыңдын көрүп жатып бактысын,
Жүрөгүңдө тынчтык болсун мемиреген.



***Караколдун борбордук байланыш бөлүмүнүн кызматкерлерин жана пенсия тараткан айымдарды эгемендүү майрамы менен ошондой эле келе жаткан кыргыз тили майрамы менен куттуктаймын!***

Эгемендүү майрамыңар кут болсун,
Жаркыраган мекемеңе кут түшсүн.

Эл үчүн колуңарда береке толуп,
Адамдын көңүлү ачылып жүрсүн.

Кызматың түйшүктүү болсо дагы,
Ар бир кишиге жооптуу болсо дагы.
Чыдамдуу ишиңди баалагым келип.
Темирдей ден соолук каалаймын дагы.

Пенсия келгенде көңүлүм ачылат,
Почтадан мага жарык нур чачылат.
Бизди тейлеген айымдар жылмайып,
Көңүлдү көтөрүп, жылуу сөз айтышат.

Кат келгенде сүйүнүп алам колунан,
Жакшы сөздү айткым келет баарынан.
Гезит алып жаңылыкты билүүгө,
Шашып окуп анализдейм мен анан.

Узун өмүр, сүйүү тынчтык каалаймын,
Алкышымды таазим кылып айтайын.
Кызматыңар кадырлуу болуп ар дайым,
Жашооңорду кубанычта самайын.

***Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүктүн жана Каракол шаардык мэриянын кызматкерлерин Эмендик майрамы жана келе жаткан Мамлекеттит тил майрамыңар менен кеттуктайм.***

Куттуу болсун келип жаткан бак – таалайда майрамдар,
Кубанычта өтүп турсун жылыңар.
Кызматыңар болуп туруп татыктуу,
Ийгиликте, кубанычта боло берсин кадамыңар.

Ынтымактуу жашап турсун элиңер,
Бүрдөп, гүлдөп баталуу болсун жериңер.
Тынчтык болуп эл арада ар дайым,
Ден соолукта, бак – таалайда өтүп турсун ишиңер.

***"Ыссык – Көл кабарлар"," Вести Иссыкк – Куля, "Каракольская правда" гезиттеринин журналисттерин, «Мастер принт» басмаканасынын кызматкерлерин, Дархан басмаканасынын кызматкерлерин, эгемендүү майрамы менен жана келе жаткан мамлекеттин тил майрамы менен куттуктайм.***

Кандай сонун басмакана турганда.
Жаңылыкты окуп билип алганда.
Китеп, журнал, гезиттерди окууга.
Шашып калам билимдерди алганга.

Алкыш айтам таазим кылам баарыңа,
Майрам менен куттуктаймын жалпыңа.
Ар дайым ден соолукта болсун деп,
Бак – таалайды каалай берем дагы да.

***-Күнүмдүк жашоодо бош убакта китепканадан китеп алып же окуу залына барып окусаң кандай рахат , ал эми***

*тейлеп тургандар ,жакшы көңүл менен менен мамиле кылгандарыкубантат. Алардын көпчүлүгү көп жылдар эмгеги сиңип иштегендер. Мисалы: Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкананын директору Мусиева Зоя Бектурганова. Китепкананы бөлүмбашчылары Бункова Галина, Токтакунова Гүлүйпа, Абдрахманова Кулмира, Мусабекова Самара, башкы китепканачы Каниева Кынымкүл, директордун орун басары Тилешова Гульнара, башкы китепканачылар Абдрахманова Айнура, Исмаилова Гүлбара, ошондой М.Горкий атындагы китепкананын кызматкерлери Терещенко кайсы күнү барсам да сылык сыпат карашып тейлешет. Ошондуктан, китепкананын баарына кубанычтамын. Ошондой эле баардык кызматкерлерди Эгемендүү майрамы менен жана келе жаткан мамлекеттик кыргыз тил*

***майрамы менен куттуктап, ден соолук, ачык асман, тынчтык, иштердин ийгилигин, үй – бүлөөлүк сүйүүнү каалаймын деп, - Людмила.***

Китепкана баарына,
Ыраазычылык келтирем.
Ар нерсени билүүгө,
Китептерге берилем.

Окуу залына барам,
Жаңылыкты көп алам.
Мектепте окуп жаткандай,
Билүүгө дайым умтулам.

Кыргыз тилим бааланып,
Окууга окуу уланып,
Ишинер болсун ардактуу,
Алкышты айтам кубанып.

Майрамың менен эгемендүү
Кыргызстаным,
Куттуу болсун салам айтып жатамын.
Жылдарыңда жашап жатам рахматтанып,
Таазим кылып алкышымды айтамын.
Созолонот шайыр шаңдуу ырларым,
Майрамыңды тосуп жаткан бүт элиң.
Толкунданып жанып турат бүт жериң,
Кандай рахат сени менен майрамдап,
Сүйүктүүсүң, кубаттуусуң кооз жерим.
Туу көтөрүп элдер жүрөт алгалап,
Ынтымактуу, Кыргызстаным, Мекеним.



# Мекендештерге

***Мекендештерим, саламатсыңарбы? Алдыңыздарда келген Кыргызстаныбыздын эгемендүү майрамыңыздар менен жана келе жаткан мамлекеттик тил майрамыңар менен куттуктап, ишиңердин ийгилигин, ден соолугуңарды, Бак таалайлуу болушуңарды каалайм.***

Куттуу болсун эгемендүү майрамың,
Бийик болсун ынтымактуу тууларың.
Ден соолуктар бекем болуп темирдей,
Тынчтык менен болуп турсун жылдарың.

Мекендешим сыймыктуусуң дайыма,
Достук менен жашап жатам жаныңда.
Ыраазы болуп жакшылыкты каалап мен,
Таазим кылам алкыш айтам баарыңа.

# №11 – Гимназия-мектебинин директоруна

***Урматтуу, сүйүктүү Османалиева Гүлиза Османалиевна. Сизди эгемендүү Кыргызстаныбыздын майрамы менен жана келе жаткан мамлекеттик тил майрамыңыз менен куттуктап, ден соолугуңузду, ишиңиздин ийгилигин, тынчтыкта жашооңузду каалаймын.***

Майрамыңыз куттуу болсун айым эжей,
Ден – соолугуңуз бекем
болсун темирдей.
Көп жылдан бери билим
берип талыкпастан,
Келатасыз кымбаттуу, сүйкүм эжей.
Асман ачык тынчтык болсун жериңде.
Ынтымактуу жашоо болсун элиңде.
Бакыт менен гүлдөп туруп өмүрүң,
Берекелер толуп турсун ишиңде.

***Кудай баталап берген жашоо өмүрдө ыраазычылык келтирип жашоо кандай рахат. Ошону менен бирге үйгө тумчукпай ар кайсы иштерге активдүү катышып ого бетер көңүлдөр ачылат эмеспи? Ошонун бири биздин К.Жантөшев атындагы драмтеатрызбыз болгонуна мен абдан кубанычтамын. Кээде ичиң бук болуп турганда артистердин аткаргандарын көрүп көңүлүн ачылат. Алардын эмгегин сыймык менен эгемендүү майрамы менен жана келе жаткан мамлекеттик тил майрамы менен куттуктайм. Ошондой эле жалпы кызматчыларын куттуктайм. Ал эми мен киномеханик болуп иштегем. Ошондуктан кино кызматчыларын да куттуктайм.***

Ар дайым кубанычта куттуу болсун
майрамын,
Ден соолукта болуп турса жыргалың.

Ийгилиги болуп туруп ишиңдин,
Ала бергин сан жеткис элдин алкышын.

Тынчтык, сүйүү, ачык асман ар дайым
Боло берсин үй-бүлөөдө,
эл арада жыл сайын.

Бакыт, таалай колуңардан кетпестен,
Берекелер толо берсин күн сайын.



# Жашоодо боло берет ар кандай

***Кээде сыркоолоп ооруканага чуркап барамын. Дарыгер, тез жардам дарыгери, медайым, техничкалар жана башка кызматчылар тез эле көңүл бурушат. Аларга чоң рахмат. Алардын иштери, ден соолуктары жакшы болсун. Эгемендүү майрамы менен жана келе жаткан Мамлекеттик тил майрамы менен куттуктап, ыр аркалуу ыраазычылык билдирем.***

Майрамың куттуу болсун,
Ден соолугуң бекем болсун.
Элге берген жардамыңдын,
Оору-сыркоо жоюлуп,
Баары тегиз аман турсун.

Ыраазы болуп баарыңа,
Алкышымды айтайын.
Өмүрүңөр узун болуп,
Таалайыңды каалайын.

***Пиотровская Людмила Трофимовна***

# Гүлдөй бер эгемендүү Кыргызстан

**Редактору Барыктабасова Жумагүл**

**Версткасы Бегалина Бибигүл**

**«Мастер Принт» ЖЧК ПБ басылды**

**Коёнкөзов көч., 25**

